*Жантаев А.С., Исакбаева З.Т., Токтомаметова Ж.А.*

## С.НААМАТОВДУН «ЖӨЖӨЛӨР» АҢГЕМЕСИНДЕ ЭМГЕК БААЛУУЛУГУНУН БЕРИЛИШИ

С.Нааматов кыргыз интеллигенциясынын алгачкы муунунун өкүлү, кыргыздын алгачкы агартуучуларынын көрүнүктүүсү, кыргыз педагогика илимин түптөөчүлөрдүн, кыргыздын алгачкы журналисттеринин, кыргыздын түрдүү жанрларда эмгектенген акын-жазуучуларынын, адабий сынчыларынын, котормочуларынын бири болгон. Ал кыргыз эл агартуусун жолго коюуга, анын ишин ургаалдаштырууга, элдин сабатсыздыгын жоюуга өзгөчө салым кошкон. Алсак, 1930-жылдан 1942-жылган чейин колдонулган латын алфавитиндеги алиппелер, кыргыз тили боюнча окуу китептери анын калемине таандык эле. Бир гана ушул факт анын өз элинин өсүп-өнүүсүнө, цивилизациялуу турмушка көчүүсүнө зор эмгек өтөгөнүн күбөлөндүрөт. Окуу китептери менен эле чектелбей, ошол китептерди окутуу методикасы боюнча эмгектерди да жараткан. Бул анын кыргыз педагогика илимине чыйыр салуунун башатында турганын көрсөтөт. Бүгүн болсо кыргыз педагогикасында дегеле тири укмуш илимий эмгектер жаратылып, аларда ар кыл илимий-педагогикалык көйгөйлөр чечилип жатат. Ал өз заманында кыргыз тилинде чыга баштаган гезит-журналдар менен тыгыз кызматташып, кыргыз коомунун түрдүү маселелерин көтөргөн макалаларын тынымсыз жарыялап келген. Андыктан, кыргыз журналистикасынын калыптануусуна да салымы бардыгы шексиз. Анын көзү тирүүсүндө бир канча аңгемелери, повесттери, драмалары, ырлары, поэмасы жарык көргөн. Демек, ал кыргыз кесипкөй адабиятын баштоочулардын да катарында турган.

Эми XX кылымдын биринчи жарымында жашап өткөн өмүрү өрнөк болчу кыргыз уулунун баскан жолуна кыскача сереп салалы.

Сатыбалды Нааматов 1905-жылы Ат-Башы районундагы азыркы Казыбек айылында оокаттуу үй-бүлөдө туулган. Жергиликтүү мектепте араб алфавитинде окуп кат тааныган. 1926-1927-жылдарда Алматы шаарындагы Жети-Суу казак-кыргыз эл агартуу институтун окуп бүтүргөн. 1927-жылдан баштап Кыргыз педагогикалык окуу жайында мугалим болуп иштеген. Бул окуу жай 1931-жылы педагогикалык институтка айлантылган. 1937-жылы «Социал-Туран партиясы» контрреволюциячыл уюмунун активдүү катышуучусу, окуу куралдарында контрреволюциячыл идеяларды көтөргөн Кыргыз ССРинин Эл агартуу комиссариатынын методисти» катары камакка алынган. Ага өлүм жазасын беришкен. Өкүм 1938-жылдын 14-февралында ишке ашырылган. Кийин, 1956-жылы айыбы жок деп табылып, акталган.

Жогоруда баяндалгандан көрүнүп тургандай, С.Нааматов отуз үч жашында капсалаңдуу замандын капшабына кабылып, кырчындай жаш курагында өлүм тапкан. Анткен менен анын ысымын элине жасаган ак эмгеги кылымдарга өчкүс кылып калтырган.

С.Нааматовдун биз төмөндө кеп кылалы деп жаткан «Жөжөлөр» аттуу аңгемеси 1929-жылы Фрунзе шаарынан Кыргызстан мамлекет басмасынан өзүнчө китепче түрүндө жарык көргөн. Аталган чыгарма тестиер балдарга арналып жазылган. Ал көлөмү чакан болгону менен, анын мазмунунда элибиздин эчен кылым бою топтогон акылмандыгы, философиясы уюп жатат. Бул жаатта өзүнчө эле бир философиялык, адабияттаануучулук илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө болот.

Адегенде чыгарманын сюжетин кыскача баян кылсак, аңгеменин башкы каарманы – Жумаш аттуу мектеп окуучусу. Ал тоодон термечик терип, отун алып жүрүп, кекиликтин уясын кездештирип, андан беш жумуртка алып, үйүнө алып келип, мекиянга тооктун жумурткаларына кошуп бастырат. Анын ойлогону ишке ашып, тооктун жөжөлөрү менен кошо кекиликтин балапандары да жумурткадан чегилип чыгат. Кыскача айтсак, сюжеттин өнүгүүсү мына ушундай. Бирок ушул чакан сюжеттин ичине жаш муундарга таалим-тарбия болуучу орошон ойлорго толгон бир катар келки-келки окуялар кыстарылган. Аталган чыгарма башынан аягына чейин жаштарга акыл-насаат мүнөзүндө курулган. Анда берилген негизги ой эч качан эскирбей турган адам баалуулугуна – Эмгекке байланышкан. Кеп болуп жаткан чыгарманын башкы саптарынан эле мына ушуну байкай алабыз: «Баятадан бери тыным албай термечик терип жүрүп, Жумаштын алы куруп да калды окшойт. Чекесинен чыккан чыпылдаган терди жерге эңкейип, колу менен шыпырып таштады. Тили оозуна батпастай болуп, каны катып суусап турат» [5, 5-б.]. Бул эмгек жараянында тер төгө мээнет тартып жаткан адамдын сүрөттөлүшү. Жаш окуучу жеткинчек оор эмгектен чарчаганынан кичине эс алып алууну да оюна алат. Бирок моюнунда үй-бүлөлүк турмушка байланыштуу чоң жоопкерчилик бардыгын эстеп, ал пикиринен кайтат. Бул жагдай төмөнкүчө сыпатталат: «Калың арчанын көлөкөсүндө биртике жатып тынып алууну ойлонду. Бирок уктап калсам үйдөкү жарма кайнатылбай калар, эртең атакем аштык сугара албай калар, деп ойлоду. Ошентип жатууга Жумаштын моюну жар бербеди» [5, 5-б.]. Адам турмушунда, өзгөчө үй-бүлөлүк тиричиликте бардыгы бири-бирине байланышкан. Баяндалып жаткан окуя XX кылымдын башында, жайдын ысык күнүндө болуп жатат. Ал кезде азыркыдай технологиялык жетишкендиктер, тиричиликтик ыңгайлуулуктар жок. Андыктан Жумаштын терген термечиги менен алган отунунан кыргыздын бир үй-бүлөсүнүн эртеңки тиричилиги көз каранды. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн баарына эмгектик милдеттери бөлүштүрүлгөн. Жумаш отун-суу менен камсыздайт, апасы үй оокатын кылып, тамак-ашын белендейт, атасы болсо талаада эгин сугарып, жылы бою үй-бүлөсүн кор кылбай багуунун, келечек турмуштун камын көрөт. Бош басып жүргөн, телевизордун, компьютердин экранын тиктеп отурган эч бири жок, андай техникалык жабдыктар да жок, анткени замандын мүнөзү өзү ошондой эле. Ал кезде кара күч эмгеги бардык адамдар үчүн турмуштук зарылдык болучу.

Ошентип, бул аңгемеде С.Нааматов баарыдан мурда Эмгек баалуулугун астыңкы планга чыгарганы сокур кишиге деле ачык-айкын болуп турат.

Адамзаттын акылы ашып-ташкан ойчулдары илгертеден киши баласына таандык баалуулуктардын тегеретесинде ой жүгүртүп келишкен. Алсак, XIX кылымдын башында, 1800-жылы, немис ойчулу Иоганн Готлиб Фихте минтип жазган: «Өмүрдөн башка эч нерсе шартсыз баалуулукка жана мааниге ээ болбойт; ар кандай башка ой жүгүртүү, чыгармачылык жана билим ал кандайдыр бир түрдө жандууга тийиштүү болгондуктан, андан келип чыккандыктан жана кайта ага жуурулууга умтулгандыктан гана баалуулукка ээ болот» [6, 11-12-бб.]. Демек, жашоо эң жогорку баалуулук. Ал эми татыктуу жашоо үчүн эмгек кылуу, тер төгө мээнет тартуу зарыл. Фихтенин ынанымы боюнча «сенин баалуулугуңду ишмердик, жалаң гана ишмердик аныктайт» [6, 14-б.]. Бул ойчул кеп кылган ишмердик түшүнүгүн Эмгек баалуулугунан ажыратып карай албайбыз. Жыйынтыктай келсек, адам бир гана ак эмгеги менен баалуу болот. Эмгек кылбаган адамдын баалуулугу нөлгө барабар.

Кыргыз эли эзелтен эле «Эр эмгегин жер жебейт» деп, Эмгек баалуулугуна зор маани берген. Мына ушул салттуу акылмандыкты С.Нааматов да уланткан. «Жөжөлөрдү» уланта окуйлучу: «Көңдү Жумаштын атакеси качан чабар экен; былтыркыдай болуп Жумаш качан которуштуруп, кургатышып, качан жыйнашар экен: кыштын кыраан чилдесинде отунсуздуктун азабын тартып калбастан. Жумаш эстей калды, деген менен Жумаш азамат

экен; неге десең жумуш десе колу кычышып араң эле турбайбы» [5, 19-б.]. Келтирилген саптардан ар бир эмгектин, эң эле булганыч эмгектин дагы адам баласы үчүн пайдалуулугу айкын көрүнүп турат. Ошол себептен адам баласы, анын ичинде кыргыздар эзелтеден эч бир жумуштан качпай, ак эмгек менен оокат кылууну артык көргөн. Эл ичинен чыккан таланты ташкындаган төкмө акындар да өз ырларында жаш муундарды ак эмгекке үндөшкөн. Мисалы, Т.Сатылгановдун төмөнкүдөй саптары эл ичинде кеңири белгилүү болгон:

Күчүң барда иштеп көн,

Күлүп, жайнап, эр жигит.

Күнүмдүктү ойлобой,

Кулак байлап, жер жибит [4, 267-б.].

Бул саптар акындын «Насыят» аттуу дидактикалык чыгармасынан алынды. Анда айтылган акыл-насаат азыркы заманда да актуалдуу бойдон калууда. Азыр басымдуу жаштар керектөөчүлүк психологиянын кулу болуп, түбөлүгүн ойлобой, жалаң гана соода-сатык менен оокат кылабыз деген жеңил ойго жетеленип кетишкени жашыруун эмес. Билим-илим улам өсүп отурган бүгүнкү күндө дыйканчылыкты деле, малчылыкты деле алдыңкы технологияларга таянуу менен жүргүзсө, майнабы өтө жакшы болоорун республикабыздын ар кайсы аймактарынын өкүлдөрү өз эмгеги менен далилдеп жатышат. Демек, «күнүмдүктү ойлобой» ак эмгектен баар табууну ойлогонубуз жөн.

Дагы бир немис ойчулу Георг Вильгельм Фридрих Гегель өткөн доордо эле минтип эскертиптир: «Адам тери жана адам эмгеги адам үчүн анын керектөөлөрүн канааттандыруу каражаттарын табышат» [2, 222-б.]. Адамдын керектөөлөрү болсо чексиз. Алар улам формасын өзгөртүп, улам көбөйүп келет. Байыркы доорлордо адамга курсагын тойгузуу гана башкы керектөө болсо, бүгүн түрдүү техникалык жабдуулар зарыл. Азыр адам баласы өзүнүн жашоосун жаңы маалыматтык технологияларсыз (компьютер, уюлдук телефон, смартфон ж.б.), тиричилик техникаларысыз, автоунаасыз элестете албайт. Бирок, маанилүү жагдай – адамга эмне гана буюм-тайым керек болбосун, анын баарын адамдын маңдай тери менен ак эмгеги табат.

XX кылымдын башында С.Нааматов жазып калтырган «Жөжөлөр» аңгемесин окуган соң келип чыгуучу негизги тыянак да ушундай – адам баласы кичине чагынан ак эмгек кылууга көнүккөнү абзел. Аңгеменин башкы каарманы болгон Жумаш дал мына ошондой өзүнүн адамдык сапаттарын калыптандыруунун үстүнөн аракет кылып жүргөн жеткинчек. Анын эмгечилдиги, ата-энесине жардам кылууну ар дайым эсинде туткандыгы азыркы жаштарга да үлгү болуп бере алат. Белгилей кете турган дагы бир маанилүү жагдай – замандаштарынын эскерүүлөрүнө караганда С.Нааматов өзү да тыным алууну билбеген эмгекчил, мээнеткеч киши болгон. Анын эмгекчилдик табияты ал жараткан чыгармаларда да эмгек баалуулугунун камтылышына, чагылышына алып келгени мыйзам ченемдүү эле кубулуш.

Негизи адам баалуулуктары киши баласынын баарына бирдей таандык болууга тийиш. В.Виндельбанддын ою боюнча баалуулук «жалпыга милдеттүүлүктү» болжойт, «жалпы баарынын милдеттүү таануусунда» [1, 206-б.] жатат. Ушул ченемден алып караганда, биз кеп кылып жаткан Эмгек баалуулугу – жалпы адамзаттык баалуулук.

Аңгемеге кайра кайрылсак, Жумаштын отун алганы өтө элестүү эмгек жараяны катары берилет. Ал мындайча баяндалат: «Арчанын купкуу дүмүрлөрү кара топуракта сойлоп жатат. Жумаш бир жаккы учунан кармап копшуп-копшуп тартса болгону, арчанын дүмүрлөрү суурула келет. Ошенте-ошенте Жумаш кере колтук отун жыйнап алды. Отун көтөрө турган көтөрмөсүнүн бир учун күрмөп калың арчанын арасындагы боштоң жерге суналтты. Анын үстүнө жыйнаган дүмүрлөрүн тизмектеп, мыктап туруп таңды» [5, 5-б.]. Ушул жерде белгилей кете турган жагдай, ал бүрдөп өсүп турган көпкөк арчаларды кыйганы жок, ал болгону куурап калган дүмүрлөрдү чогултуп алып жатат. Анын мунусу табият менен таттуулуктун үлгүсүн берет. Кыргыз эли эзелтен табият менен жуурулуша жашап келген. Дал ушуну калемгер чакан аңгемесинде отун алуу эмгек жараянын сүрөттөө аркылуу билгичтик менен берип кетет.

Саясий экономияны негиздеген атактуу ойчул Карл Маркстын оюна назар салалычы: «Керектөө, өнүмдү жок кылып, муну менен ага бүткөндүк берет, анткени өнүм жөн гана заттандырылган ишмердик катары эмес, ишкер субъект үчүн предмет катары гана өндүрүштүн натыйжасы болот» [3, 27-28-бб.]. Мында көңүл буруучу жагдай – «ишкер субъект үчүн» дегени. Калетсиз сөз да, эгер адам ишкер, б.а. эмгекчил болсо гана түрдүү өнүмдөрдү – азык-түлүктү, кийим-кечени, тиричилик буюм-тайымдарын ж.б. керектөөгө жарамдуу болот, б.а. аларды ак эмгеги менен тапкан каражатына сатып алып колдоно алат, ойлоп көрүңүзчү, эмгектенип каражат таппасак, кардыбызды кантип тойгузабыз да, үстүбүздү кантип бүтөйбүз?!

Ошентип, кыскача талдоодон көрүнүп тургандай, кыргыздын алгачкы калемгерлеринин бири болгон Сатыбалды Нааматовдун «Жөжөлөр» аттуу чыгармасынын тулкусунда түрдүү таалим-тарбиялык ойлор менен катар, жалпы адамзатка таандык зор баалуулукту – Эмгек баалуулугун даңазалоо да өз ордун тапкан, бул аңгеме жаш муундарды Эмгекке үгүттөгөн идеяларды камтып турат. Мына ушундан эле биз сөз кылган кыска аңгеме табиятынан терең философиялуу экенин, анын түпкүрүндө зор адеп-аклактык баалуулуктар уюп жатканын көрө алабыз. Демек, анын ушул биз кеп кылган чакан аңгемеси өңдүү чыгармалары өз убагында элдин аң-сезимин ойготууга, анда этикалык баалуулуктарды түптөөгө кызмат кылган. Биздин алдыбызда турган милдет – С.Нааматовдун чыгармачылыгын баалуулуктук негизде изилдөө, анын чыгармаларына аксиологиялык нукта илик жүргүзүү. Бул жаатта изилдөөлөр жасоо кыргыз илиминин бир катар тармактарын – кыргыз философиясын, кыргыз адабияттаануусун дагы алга карай адымдап өнүгүүгө бет алдырат.

**Адабияттар:**


1. Виндельбанд В. Прелюдии. Философские статьи и речи. – СПб., 1904

2. Гегель Г. В. Ф. Сочинения. – М.; – Л., 1934. Т. 7.

3. Маркс К, Энгельс Ф. Соч. Т. 46. Ч. I.

4. Кыргыз адабияты. Антология. Акындар поэзиясы. 3-том. – Бишкек: КЭ, 2012

5. Нааматов С. Жөжөлөр. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1929. Бишкектен 2011-жылы кайра басылышы.

6. Фихте И. Г. Ясное, как солнце, сообщение широкой публике о подлинной сущности новейшей философии. – М., I937

***<u>Рецензент: ф.и.д., профессор Садыков А.</u>***